**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар Кеңеши
тарабынан сунушталган
"26" "06" 2023-ж
№ 11 протоколу

**БЕКИТЕМ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору техн.и.д.,
профессор К.Ж.Усенов
________________
«27» 06 2023-ж.

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борбору (Бизнес-инкубатор) жөнүндөгү ЖОБО

*Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борбору (Бизнес-инкубатор) жөнүндөгү Жобо 2022-жылдын 30-августундагы Окумуштуулар Кеңешинин №1 протоколунун чечиминин негизинде кабыл алынган.*

*Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борбору (Бизнес-инкубатор) жөнүндөгү Жобого 2023-жылдын 26-июнундагы Окумуштуулар Кеңешинин №11 протоколунун чечиминин негизинде толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилди.*

Жалал-Абад шаары 2023-жыл.

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**
**Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борбору (Бизнес-инкубатор) жөнүндөгү Жобо**

## 1. Жалпы Жоболор:

1. Бизнес-инкубатор — бул студенттерге, профессордук-окутуучулук курамга алардын ишкердик ишмердүүлүгүн жана инновациялык идеяларын уюштурууда жана өнүктүрүүдө колдоо көрсөтүү жана көмөктөшүү боюнча каражаттар менен чаралардын жыйындысы.

Каражаттардын жыйындысы — бул ишкердик ишмердүүлүк менен иштөөнү жана стартап долбоорлорду ишке ашырууну каалаган студенттерге, профессордук-окутуучулук курамга акысыз берилүүчү имарат (имараттар), оргтехника, каржылык жана башка материалдык-техникалык каражаттар.

Чаралардын жыйындысы — бул ишкердик ишмердүүлүк менен иштөөнү каалаган студенттерге, профессордук-окутуучулук курамга көрсөтүлүүчү уюштуруучулук чаралар жана кызмат көрсөтүүлөр (кеңеш берүүлөр, тестирлөө, окутуу, долбоорлорду илгерилетүү, жарнама, бизнес-сынактар, хакатондор, бизнес-тренингдер, инвест-шоу ж.б.).

Көрсөтүлгөн каражаттар менен чаралардын жыйындысы Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун (мындан ары — ЖАМУнун) суроо-талапка жараша аныкталат.

2. Бизнес-инкубатор юридикалык жактын макамысыз ЖАМУнун түзүмдүк бөлүмү катары түзүлөт.

Бизнес-инкубатор ЖАМУнун ректорунун буйругу менен түзүлөт жана жоюлат. Бизнес-инкубатордун аталышы аны түзүүдө аныкталат да, аны кайра уюштурууда жана башка учурларда ректордун буйругунун негизинде өзгөртүлөт.

3. Бизнес-инкубаторду түзүмдүк бөлүм катары кайра уюштуруу жана жоюу ЖАМУнунУставында аныкталган тартипте ректордун буйругу менен жүзөгө ашырылат.

4. Бизнес-инкубатор өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн ЖАМУнун тегерек мөөрүн, штамптарын жана бланктарын (ЖАМУнун администрациясы менен макулдашуу боюнча) пайдаланат.

5. Бизнес-инкубатор өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 18-майындагы №925/1 буйругу менен бекитилген Билим берүү уюмунун Бизнес-инкубатору жөнүндө типтүү Жобонун, ушул Жобонун, ЖАМУнун Уставынын негизинде иштейт, ошондой эле, инновациялык ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актыларды: 1999-жылдын 26-ноябрындагы №128 «Инновациялык ишмердүүлүк жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 8-февралындагы №79 токтому менен бекитилген 2022-жылга чейинки мезгилге Кыргыз Республикасын илимий-инновациялык өнүктүрүү концепциясын, 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчикти өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын, инновациялык ишмердүүлүк боюнча эл аралык стандарттарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларын жетекчиликке алат.

## 2. Бизнес-инкубатордун негизги максаттары жана милдеттери

6. Бизнес-инкубатордун максаты төмөнкү болуп саналат:

- студенттер менен профессордук-окутуучулук курамдын инновациялык жана ишкердик идеяларын коммерциялаштыруу процессин уюштуруу, ошондой эле адистерди базар экономикасынын реалийлерине жана ишкердик ишмердүүлүгүнүн талаптарына даярдоо.

7. Бизнес-инкубатордун негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- ЖАМУнун студенттеринин жана профессордук-окутуучулук курамдын илимий иштелмелерин коммерциялаштыруу үчүн шарттарды түзүү;

- бизнес менен байланыштарды орнотуучу жана студенттер менен профессордук-окутуучулук курамдын инновациялык идеяларын концепциядан ишке ашырууга чейин тездетүүчү ишкердик чөйрөнү түзүү;

- студенттер менен профессордук-окутуучулук курамга инновациялык өндүрүмдү жана жаңы технологияларды түзүүгө багытталган илимий-изилдөөчүлүк жана тажрыйбалык-конструктордук иштерди жүргүзүүгө катышуу үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берүү;

- илимий изилдөөнү талап кылган өндүрүмдү же технологияларды түзүү, иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессине студенттер менен профессордук-окутуучулук курамды тартуу.

## 3. Бизнес-инкубатордун кызматтары

8. Бизнес-инкубатор өзүнө жүктөлгөн милдеттерди чечүү үчүн төмөнкү кызматтарды аткарат:

- Бизнес-инкубатордо ишке ашыруу үчүн илимий-техникалык долбоорлордун сынактарын (мындан ары - Сынак) уюштурат. Сынакты өткөрүүнүн шарттары жана тартиби ЖАМУнун тиешелүү жобосу менен аныкталат;

- инкубатордун бизнес-командаларына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана эл аралык укуктун, ишкердиктин, илимий-техникалык экспертизанын, инновациялык ишмердүүлүктүн, интеллектуалдык менчикти коргоонун, салык салуунун, кредиттөөнүн, инвестициялардын маселелери жана эмгек базарында талапка ээ адистерди даярдоонун сапатын камсыздоого түрткү болуучу башка маселелер боюнча комплекстүү кеңеш берүүчүлүк жана маалыматтык кызматтарды көрсөтөт.

Бизнес-команда деп Сынактан өткөн илимий-чыгармачылык жамаат түшүнүлөт, анын курамында ЖАМУнун студенти же болбосо профессордук-окутуучулук курамдын мүчөсү болот.

Бизнес/стартап команда деп аз дегенде 3 адамдан: студенттерден, профессордук-окутуучулук курамдан, бизнес/стартап идеяны ишке ашырган пикирлештердин жамааты түшүнүлөт.

- чакан ишкердиктин инновациялык ишмердүүлүгү маселелери боюнча окуу-усулдук документацияны иштеп чыгат;

- илимий-техникалык чөйрөдө чакан жана орто бизнестин субъектилерин түзүүгө жана өнүктүрүүгө көмөктөшөт;

- илимий-техникалык чөйрөдөгү ишкердиктин маселелери боюнча, анын ичинде эл аралык катышуу менен, конференцияларды, көргөзмөлөрдү, семинарларды жана башка иш-чараларды өткөрүүнү уюштурат;

- эгерде бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ЖАМУнун Уставына каршы келбесе, инновациялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруучу физикалык/юридикалык жактар менен, анын ичинде чет өлкөлүк дагы, ошондой эле эл аралык уюмдар менен кызматташат;

-ЖАМУнун студенттеринин, профессордук-окутуучулук курамынын стартап долбоорлорун/бизнес идеяларын ишке ашыруу, илимий-изилдөөчүлүк жана тажрыйбалык-конструктордук иштелмелерин жүргүзүү жана алардын натыйжаларын коммерциялаштыруу үчүн инвестицияларды тартууга көмөктөшөт;

-ЖАМУнун студенттеринин, профессордук-окутуучулук курамынын интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына экспертиза жүргүзүүнү уюштурат;

-ЖАМУнун студенттеринин, профессордук-окутуучулук курамынын интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын коммерциялаштырууга багытталган маркетингдик ишмердүүлүктү (товардык жана башка базарлардын абалы жана алардын конъюнктурасы жөнүндө коммерциялык маалыматтарды чогултуу, алардын өнүгүү тенденцияларын божомолдоо) жүзөгө ашырат;

- университеттик технологияларды чакан жана орто ишкердиктин субъектилерине көчүрүүнү жүзөгө ашырат;

- бизнес/стартап командаларга мамлекеттик органдар жана мамлекеттик эмес уюмдар менен өз ара аракеттешүүдө, чет өлкөлүк өнөктөштөр, инвесторлор менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө, башка иш-чараларды өткөрүүдө административдик маселелерди чечүүгө колдоо көрсөтөт;

- студенттердин, профессордук-окутуучулук курамдын жана калктын калың катмарынын арасында чакан жана орто ишкердикти пропагандалайт.

9. Көрсөтүлгөн кызматтарды аткарууда Бизнес-инкубатор тыюу салынбаган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен ЖАМУнун Уставына каршы келбеген ишмердүүлүктүн төмөнкү түрлөрүн жүзөгө ашырат:

- илимий-изилдөөчүлүк, илимий-усулдук иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү, тажрыйбалык-конструктордук иштерди аткаруу;

- колдонмо илимий-изилдөө иштерин аткаруу, интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын түзүү, ошондой эле аларга болгон укуктарды ишке ашыруу;

- интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжаларын түзүү жана пайдалануу;

- өндүрүштүк, техникалык, окуу жана тиричилик арналышындагы прототиптерди жана өндүрүмдү даярдоо;

- ЖАМУнун студенттери жана профессордук-окутуучулук курамы тарабынан даярдалган кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруу.

## 4. Бизнес-инкубаторду башкаруу

10. Бизнес-инкубаторго жалпы жетекчиликти ЖАМУнун ректору ишке ашырат, ал:

- Бизнес-инкубатордун директорун кызматка дайындайт жана бошотот;

- Бизнес-инкубатордун штаттык ырааттамаларын, кирешелер жана чыгашалар сметасын, ишмердүүлүгүнүн жылдык натыйжаларын бекитет.

11. ЖАМУнун ректорунун буйругу менен кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу Бизнес-инкубатордун директору Бизнес-инкубаторго жетекчиликти мыйзамдарда, ЖАМУнун Уставында жана ушул Жободо белгиленген чектерде жана тартипте жүзөгө ашырат.

12. Бизнес-инкубатордун директору:

- Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүнүн кеңеш берүүчүлүк, маалыматтык, усулдук, илимий-өндүрүштүк, инновациялык жана башка түрлөрүнө жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат;

- Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүн башкарууну жеке башкаруу жана чечимдерди кабыл алуунун жамааттуулугу принциптеринин негизинде жүзөгө ашырат да, Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу үчүн ЖАМУнун ректорунун алдында толук жоопкерчилик тартат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ЖАМУнун ректору тарабынан бекитилген кирешелер жана чыгашалар сметаларына ылайык Бизнес-инкубатордун акча каражаттарын тескейт;

Бизнес-инкубатордун кызматкерлерин тандоону, жайгаштырууну жана аттестациялоону уюштурат, ЖАМУнун ректоруна Бизнес-инкубатордун кызматкерлерин кабыл алууга, которууга жана бошотууга сунуштарды берет;

- ушул Жобонун, ошондой эле ЖАМУнун локалдык актыларынын негизинде өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат;

- анын компетенциясына кирген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен ушул Жобого каршы келбеген башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууга да укуктуу.

13. Бизнес-инкубатордун түзүмү, штаттык ырааттамасы жана сандык курамы, ушул Жобонун 2-пунктунда ага жүктөлгөн милдеттерден чыгып түзүлөт да, ЖАМУнун ректору

тарабынан бекитилет.

14. Бизнес-инкубатордун кызматкерлери эмгек келишими боюнча ЖАМУнун ректорунун буйругу менен, штаттык ырааттамага ылайык, Бизнес-инкубатордун директорунун сунушу боюнча жумушка кабыл алынат. Бизнес-инкубатордун кызматкерлери менен эмгек мамилелерин тариздөө ЖАМУнун тиешелүү түзүмдүк бөлүмү тарабынан жүзөгө ашырылат.

15. Бизнес-инкубатордун кызматкерлери өз ишмердүүлүгүндө ЖАМУнун Уставына, ЖАМУнун башка локалдык актыларына, алардын кызматтык нускамаларына ылайык ЖАМУнун кызматкерлерине берилүүчү укуктардан пайдаланышат да, төмөнкүлөргө милдеттүү болушат:

- ЖАМУнун Уставында жана ушул Жободо каралган ченемдерди сактоого;
- аларга карата купуялуулук мүнөзү макулдашылган документациянын, маалыматтын, билимдердин, тажрыйбанын, натыйжалардын купуялуулугун камсыздоо үчүн жооп берүүгө;
- ээлеген имаратты, эмгекти коргоонун жана коопсуздук техникасынын талаптарына ылайык кармоого.

16. Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүнүн үстүнөн учурдагы көзөмөлдү Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректорунун ыкташтыруусунда Көзөмөлчүлүк Кеңеши жүзөгө ашырат, ал Бизнес-инкубатордун ишинин ар кандай аспектилерин ЖАМУнун ректоратынын, Эксперттик Кеңешинин, Окумуштуулар Кеңешинин кароосуна сунуштайт.

## 5. Бизнес-инкубатордун мүлкү жана каржылык камсыздалышы

17. ЖАМУнун Уставына ылайык Бизнес-инкубатордун ишин каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган булактардан жүзөгө ашырылат.

18. Бизнес-инкубатордун бөлүмдөрүндөгү инженердик-техникалык тейлөө жана башка чарбалык тейлөө ЖАМУнун администрациялык-чарбалык кызматтары тарабынан жүзөгө ашырылат.

19. Ишмердүүлүктү камсыздоо үчүн ЖАМУнун жетекчилиги тарабынан Бизнес-инкубаторго зарыл имараттар, эмеректер, техникалык каражаттар, оргтехника, башка мүлк жана каражаттар бөлүнүп берилет.

20. Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борбору (Бизнес-инкубатор) аркылуу бизнес/стартап идеяны ишке ашыргандар, анын ичинде бизнес/стартап командалар, студенттер, профессордук-окутуучулук курам, угуучулар, же болбосо жеке физикалык жак долбоор жазып грант (грант - акысыз кайтарымсыз каржылоо) жеңип алып же жеңүүчү катары байгеге ээ болгон учурда байгенин, пайданын 10%дык өлчөмүн Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борборунун (Бизнес-инкубатор) материалдык базасын өнүктүрүүгө салым катары кошот.

## 6. Бизнес-инкубатордун укуктары

21. Бизнес-инкубатор өзүнүн ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн, чакан жана орто ишкердиктин субъектилерин түзүүгө багытталган илимий - чыгармачылык жамааттарды өз убагында колдоо максатында, университеттин кызматкерлеринен студенттердин окуу, илимий жана окуудан тышкаркы ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматты алууга укуктуу.

22.Кызматтык милдеттерин аткаруу максатында Бизнес-инкубатордун кызматкерлери ЖАМУнун китепканасынын фонддорун, ЖАМУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн маалыматтык фонддорун, компьютердик маалыматтык тутумдарын акысыз негизде колдонууга, адистерден кеңештерди алууга укуктуу.

23. Ушул Жобонун 20-пунктуна ылайык Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борбору аркылуу бизнес/стартап идеяны ишке ашырган бизнес/стартап командалар, студенттер, профессордук-окутуучулук курам, угуучулар, же

болбосо жеке физикалык жак долбоор жазып грант (грант - акысыз кайтарымсыз каржылоо) жеңип алып же жеңүүчү катары байгеге ээ болгон учурда байгенин, пайданын 10%дык өлчөмүн Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Бизнести колдоо жана өнүктүрүү борбору, материалдык базасын өнүктүрүүгө салым катары алууга укуктуу.

24. Бизнес/стартап командалар жарыяланган конкурстарга катышуу үчүн Өтүнмөнү толтурууда Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык автордук жана патенттик укуктарды бузгандыгы аныкталса Эксперттик кеңеш тарабынан четтетилет жана Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## 7. Долбоорлорду акселерациялоо

25. Бизнес-инкубатор акселератор — долбоорду эң кыска мөөнөттөрдө интенсивдүү өнүктүрүүнү болжогон бизнестерди баштапкы стадияда колдоо модели принциби боюнча иштейт. Долбоорлордун базарга тез чыгуусу үчүн Бизнес-инкубатор тарабынан резиденттерге ЖАМУнун инфратүзүмүн колдонуу, бизнес-моделди иштеп чыгууда жардам, ал эми башкысы - эң кыска мөөнөт ичинде идеяны иштөөчү бизнеске айландыруу мүмкүнчүлүгү берилет.

26. Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүнүн этаптары:

1) Долбоорлорду тандоо: өтүнмөнү толтуруудан башталат да, эксперттик кеңештин алдында чыгып сүйлөө менен бүтөт, ал стартаптарды тандоо жөнүндө чечим кабыл алат. Эксперттик кеңештин курамы ЖАМУнун ректорунун буйругу менен бекитилет. Эксперттик кеңештин курамы 3 (үч) адамдан турат. Эксперттик кеңештин иштөө мөөнөтү буйрукта көрсөтүлөт.

Алынган өтүнмөлөр бир нече чен-өлчөмдөр боюнча бааланат: идея, суроо-талап, муктаждык, көйгөй жана өнүм, команда, дараметтүү базардын өлчөмү, атаандаштык жана долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү.

Бул этаптын жыйынтыктары боюнча финалисттер — инкубатордун резидентинин макамына дараметтүү талапкерлер аныкталышат. Белгиленген убакыт ичинде бардык долбоорлор акселерациялык программага катышуу мүмкүнчүлүгүн алышат.

2) Уюштуруучулук маселелерди чечүүдө, инвестиция тартууда көмөктөшүү.

3) Резиденттерди өнүмдөрдү түзүү жана илгерилетүү, интеллектуалдык менчик, брендди түзүү, дараметтүү кардарлар жана инвесторлор менен өз ара аракеттешүү ж.б. маселелер боюнча окутуу.

4) Жыйынтыктарды чыгаруу: долбоорду Бизнес-инкубатор тарабынан чакырылган инвесторлордун алдында презентациялоо.

5) Инвестицияларды тартууга жардамдашуу: келишимди түзүмдөө жана инвестицияларды тартуу.

## 8. Эсеп-кысап жана отчеттуулук

27. Бизнес-инкубатор өзүнүн компетенциясынын чектеринде ЖАМУга зарыл отчеттуулукту даярдоону жүзөгө ашырат.

28. Бизнес-инкубатор ишмердүүлүгүнүн багыттары боюнча зарыл маалыматты тиешелүү мамлекеттик органдарга суроо-талапка ылайык берүүнү камсыздайт.

29. Бизнес-инкубатордун ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү ЖАМУнун ректору жүзөгө ашырат.

***Толуктоо киргизгендер:*** *Акматова А.Т.*
*Алымкулов Б.Н.*